**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО**
**УНИВЕРСИТЕТИНИН**
**Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**
**№4 протоколу**

**Бишкек шаары** **2023-жылдын 27-январы**

**Катышкандар: Окумуштуулар Кеңешинин — 28 мүчөсүнөн, 23ү катышты.**
**Төрага: ректор, филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р. Колдошов**
**Катчы: Ч.К. Жумалиева**

**Колдошов Т.Р.** — Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Окумуштуулар Кеңешинин курамынын 28 мүчөсүнөн 23ү катышты, Маматкулов А.А. ооруканада, Шейшеналиев Э.Ш. командировкада, Арстанбек уулу А. суранып кетти, Жекшен кызы А. каникулда. Кворум бар, кимде кандай сунуш бар (**келүү барагы тиркелет**).

«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

**Колдошов Т.Р. — Күн тартибинде 6 маселе, алар (күн тартиби тиркелет):**

1. **Университеттин 2022-жылдагы илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жөнүндө Отчетун угуу жана чечим кабыл алуу.**
(Илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректору).
2. **Университеттин 2022-жылдагы тарбия, чыгармачыл жана мамлекеттик тил боюнча аткарылган иштери жөнүндө Отчетун угуу жана чечим кабыл алуу.**
(Тарбия иштери, чыгармачыл иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректору).
3. **Университеттин 2022-жылдагы административдик-чарбалык бөлүгүнүн жана университеттин окуу корпусунун жана жатаканасынын санитардык абалы боюнча аткарылган иштер жөнүндө Отчетун угуу жана чечим кабыл алуу.**
(Администрациялык-чарбалык бөлүмү боюнча проректору).
4. **Бардык факультеттер жана кафедралар боюнча Мамлекеттик экзамендердин пландарын, программаларын жана экзамендик билеттерин, адистик боюнча квалификациялык жана дипломдук иштерди талкуулоо жана бекитүү.**
(Окуу иштери боюнча проректору, кафедра башчылары жана күндүзгү бөлүмүнүн декандары).
5. **Конкурстук шайлоо.**
(Илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректор, Окумуштуулар кенешинин катчысы).
6. **Ар түрдүү маселелер.**

Күн тартиби менен бирге **Регламентти 5 мүнөт, жарыш сөздү 5 мүнөт** деп бекитип алсак туура болот деп ойлоп турам, кандай сунуш бар?

«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

**Окумуштуулар Кеңеши өз ишин күн тартибин бекитүү менен баштады. (Бир добуштан бекитилди).**

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин биринчи суроосуна өтөлү.

1. Угушту: Университеттин 2022-жылдагы илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жөнүндө Отчету. Илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректор Джодошбекова С.А. сүйлөдү (отчету тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Сарылкан Апиевна! Суроо болсо берсеңиздер. Суроо жок экен. Менде суроо бар:

1. Окуу жайда Илимдер күнү белгиленеби?

Джолдошбекова С.А. — Белгиленет, бирок өтө жогорку деңгээлде эмес.

2. Илимий журнал бир жылда канча жолу чыгат?

Джолдошбекова С.А. — Бир жылда 4 номер чыгыш керек.

3. Илимий журналдын багыты кандай?

Джолдошбекова С.А. — Багыты боюнча, көбүнчө чыгармачылыкка, искусствого жана маданиятка байланыштуу макалалар басылып чыгат.

4. Сиз илимдин кандидатысыз, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясы жана Кыргыз Билим берүү Академиясы менен бизде кызматташтык кандай?

Джолдошбекова С.А. — КР УИАсы менен кызматташтык бар, биздин окуу жайдын окутуучулук курамынан көптөгөн аспиранттарыбыз ал жакта окушат, кандидаттык иштерин жазып жактаганга даярданып жатышат.

5. Профессор жана доцент илимий наамына Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык комиссиясынын Жоболоруна ылайык канча балл топтош керек?

Джолдошбекова С.А. — 100 балл доценттике, ал эми профессорлука 250 балл.

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Сарылкан Апиевна! Жарыш сөзгө чыкчулар барбы?

Келдибекова Н.К. — Саламатсыздарбы! Сарылкан Апиевна 1978-жылдан бери эмгектенип келет, эжейибиз эң мыкты педагог жана эң мыкты психолог. Өзүнүн ишин жакшы алып барат, сиздин эмгегиңизди баалайбыз, отчетту кабыл алып коюңуздарды өтүнөм.

Турумбаева Ч.М. — Чындыгында Сарылкан Апиевна келгенден баштап илимий иштер алдыга жыла баштаган.Сарылкан Апиевна талаптарды абдан койгон, бирок биз чыгармачылык багытында болгондуктан көбүрөөк көңүл бурган жокпуз. Илимий журналды чыгарып келе жатабыз, бирок илимий журнал дегенден алысмын, анткени публицистикалык түрдө жазылган макалалар көбүрөөк. Негизи чыгуу тартиби квартал сайын деп белгиленген. Эженин ишин баалайбыз, отчетун кабыл алып коюшуңарды өтүнөм.

Корпобаева М.К. — Сарылкан Апиевна 2014-жылдан бери илимий иштери боюнча проректор болуп иштеп келе жатат, бизди бардыгыбызды КР УИАсына барып аспирантурага тапшырышыбызга абдан чоң эмгеги бар, ошондой эле бардыгыбызга багыт берген, ошол кезден бери илимий иштерибизди улантып келе жатабыз. Отчетту кабыл алып коюңуздарды өтүнөм.

Джолдошбекова С.А. — Бардыгыңыздарга ыраазычылык билдирем, иштериңиздерди уланта бериңиздер.

Колдошов Т.Р. — Бардыгыңыздарга рахмат! Чечимдерди чыгарганга уруксат берсеңиздер. **Биринчи маселе боюнча чечимдер:**

1. Илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректор С.А. Джодошбекованын Университеттин 2022-жылдагы илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары тууралуу отчету эске алынсын, канаатандырарлык деп бааланcын.
2. Университеттин илимий иштери алдыга жылдырылсын.
3. Академиялык мобилдүүлүк студенттер үчүн дагы, окутуучулар үчүн дагы жакшыртылсын.
4. Илимий журналдын Импакт-факторун көтөрүүгө окутуучулар жана студенттер арасында окуу-семинарлар өткөрүлсүн.
5. Бул чечимдердин аткарылышы ректордун көзөмөлүндө болсун.

Добуш берип койсоңуздар.

**«Макул» — 23.**

**«Каршы» — жок.**

**«Калыс» — жок.**

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин экинчи суроосуна өтөлү.

2. **<u>Угушту:</u> Университеттин 2022-жылдагы тарбия, чыгармачыл жана мамлекеттик тил боюнча аткарылган иштери жөнүндө Отчету.** Тарбия иштери, чыгармачыл иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор Макеева К.Т. сүйлөдү (отчету тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Кундуз Турдубековна! Суроо болсо берсеңиздер. Суроо жок экен. Менде суроо бар:

1. Акыркы пунктта көрсөттүңүз, социалдык абалы начар балдарга мамлекеттен канча сом берилет?

Макеева К.Т. — Суммасын билбейт экенмин.

2. Студенттердин социалдык пакети барбы?

Макеева К.Т. — Жок. Бул нерсени сиз айткандан кийин билдим.

3. Жатаканада жашаган студенттердин санын билесизби?

Макеева К.Т. — Жок, билбеймин, анткени ал жактын ишин АХЧ проректору Т.Ө. Жумашев жана жатакананын коменданты Ж.А. Тиленчиева аткарышат деп айтылган.

Колдошов Т.Р. — Жатаканадагы иштер тарбия иштеринин проректору жүргүзүшү керек. Кураторлордун иш планы барбы?

Макеева К.Т. — Пландар берилиш керек деп айтылган, бирок эч кимиси тапшырган жок.

Колдошов Т.Р. — Ар бир деканаттын кураторлорунун иш планы болуш керек. Жарыш сөзгө чыкчулар барбы? Жок. Рахмат, Кундуз Турдубековна!

Колдошов Т.Р. — **Экинчи маселе боюнча чечимдер:**

1. Тарбия, чыгармачыл иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректору К.Т. Макееванын Университеттин 2022-жылдагы тарбия, чыгармачыл жана мамлекеттик тил боюнча аткарылган иштери тууралуу отчету эске алынсын, канаатандырарлык деп бааланcын.
2. Жатаканада жүргүзүлчү иш пландар кафедраларда, факультеттерде бекитилсин.

3. Факультеттик сааттар жана куратордук сааттар сабак жадыбалдарына коюлсун.

4. Бул чечимдердин аткарылышы ректордун көзөмөлүндө болсун.

Добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 23.

«Каршы» — жок.

«Калыс» — жок.

**Колдошов Т.Р.** — Күн тартибинин үчүнчү суроосуна өтөлү.

3. Угушту: **Университеттин 2022-жылдагы административдик-чарбалык бөлүгүнүн жана университеттин окуу корпусунун жана жатаканасынын санитардык абалы боюнча аткарылган иштер жөнүндө Отчету.** Административдик-чарба бөлүмүнүн проректору Т.Ө. Жумашев сүйлөдү (отчету тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** — Рахмат, Төлөнмырза Өскөнбаевич! Суроо болсо берсеңиздер.

**Турдалиева А.А.** — **Биринчи суроо**, Казахстандан келген студенттерибиз Киностудияга барып окубайбыз деп жатышат. **Экинчи суроо**, драма актеру жана драма режиссеру адистиктери боюнча бизде Казахстандан келген студенттер көп, ошолорго жатаканадан орун берсек болобу, бир ай окууга келгенде?

**Жумашев Т.Ө.** — Биринчи суроонуз боюнча жылуулук системасын бүтүрө албай жатабыз, ага финансылык каражат керек болуп жатат. Экинчи суроонуз боюнча, буюрса кийинки окуу жылга дайындап жатабыз, жатаканада конок бөлмөлөр деп 2 секцияны жасаганга аракет кылабыз, ошондо 8 бөлмө болуп калат экен.

**Көчөрбаев С.Б.** — Төлөнмырза Өскөнбаевичтин иши өтө татаал, баардыгы финансы маселесине барып такалат, ал биринчиси, экинчиси бизде жатаканда клоп менен тараканды жоготуу маселеси ар бир жылдын көйгөйү, ушул нерсени жоготконго кепилдик барбы?

**Жумашев Т.Ө.** — Кетирсек болот, бирок бардыгы ошол жерде жашаган жашоочулардын өздөрүнөн болот, канча адам таза жашаганга аракет кылса ошондо гана таза болот.

**Көчөрбаев С.Б.** — Биринчиси, менин оюмча, эң биринчиден бул жер төлөлөрдү тазалаш керек, андан соң комнаталарга өтүш керек. Экинчиси, бул жатаканада жашаган студенттердин төлөмдөрү боюнча маселе. Менин оюмча декандардын эң негизги милдети, бул окуу процессин алып баруу, ал эми төлөмдөр, ошол эле жатакана болобу же андан башкасы, бул бухгалтерия, комендант деген адамдардын иши деп эсептеймин. Үчүнчүсү конференцияларды өткөрөбүз, бирок келген конокторго фуршет уюштура албайбыз, анткени каражат жок. Төртүнчүсү, мага бухгалтериядан кагаз келди, сиздин факультетиңиздеги студенттердин канчасы жатаканада жашайт жана канчасы төлөштү, канчасы төлөй элек тууралуу маалымат берсеңиз дешиптир. Тактап чыксам, 52 студентим жашайт экен, анын ичинен 14 студентим Айыл банкка төлөшкөн, ал эми 38 студентим биздин жатакананын коменданты Ж.А. Тиленчиевага төлөшкөн. Бул нерсени официалдуу кылса болобу?

Колдошов Т.Р. — Мен бул суроого өзүм жооп берем, Самат Батыркулович, ар түрдүү маселеге келгенде. Рахмат!

Абдыкадырова А.А. — «Кино» кафедрабыз экинчи корпуста иштейбиз, ал жак абдан суук, жылуулоо системасы чечилбей келе жатат, бирок ага финансылык каражаттын жоктугу, аны билебиз, кийинки мезгилдерде көңүл деле бурбай калдык. Бизде башка көйгөйлөр дагы бар, бул видеокамеранын жоктугу, ошондой эле окуу процессине керектүү техникалык каражаттардын жоктугу. Ушул маселелерди кандай чечип бере аласыздар?

Жумашев Т.Ө. — Туура, Асипа Абдыкадыровна, кайсы кафедрага эмне керек тууралуу өтүнмө бериңиздер.

Колдошов Т.Р. — Рахмат. Менде дагы суроолор бар:

1. Санэпидемстанция менен келишим барбы? Жылына канча жолу келишет жана аларга бюджеттен төлөнөбү?

Жумашев Т.Ө. — Келишим бар, 67000 сом төлөнөт. Бир жылда бир жолу келишет.

2. Канча жолу тендер жарыялайсыңар?

Жумашев Т.Ө. — 2 жылдан бери жарыялана элек.

3. Токтокан Омурбековна, жатаканада счетчик коюлганбы? Канча төлөнөт жылына, жалпысынан?

Омурбекова Т. — Жылына жатаканага 11-12 миңдей сом, ал эми окуу корпусуна 6-9 миңдей сом төлөнөт.

4. МЧС менен окуулар өткөрүлөбү жана канча жолу?

Жумашев Т.Ө. — Бир жылда 2-3 жолу өткөрүлүп турат.

Колдошов Т.Р. — Үчүнчү маселе боюнча чечимдер:

1. Административдик-чарбалык бөлүмүнүн проректору Т.Ө. Жумашев Университеттин 2022-жылдагы административдик-чарбалык бөлүгүнүн жана университеттин окуу корпусунун жана жатаканасынын санитардык абалы боюнча аткарылган иштер тууралуу отчету эске алынсын, канаатандырарлык деп бааланысын.
2. Окуу жайды жакшыртуу боюнча сунуштар берилсин.
3. Окуу жайдын жаңы корпусунун планын чийүү Т.Ө. Жумашевге жүктөлсүн.
4. Жатаканадагы мыйзамсыз жүргүзүлгөн иштерди ордуна келтирүү тапшырмасы бухгалтериянын башчысына, тарбия иштери боюнча проректорго, административдик-чарбалык бөлүгүнүн проректоруна жана жатакананын комендантына тапшырылсын жана чечилсин.
5. Чарба бөлүмүндөгү иштери тиешелүү деңгээлде аткарылсын.
6. Бул чечимдин аткарылышын өзүмө калтырам.

Добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 23.

«Каршы» — жок.

«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин төртүнчү суроосуна өтөлү.

4 Угушту: Бардык факультеттер жана кафедралар боюнча Мамлекеттик экзамендердин пландарын, программаларын жана экзамендик билеттерин, адистик боюнча квалификациялык жана дипломдук иштерди талкуулоо жана бекитүү боюнча окуу иштери боюнча проректор К.К. Тулобердиев сүйлөдү (тизмеси тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Калыбек Кемелович! Суроо болсо берсеңиздер. Суроо жок. Эң негизгиси мамлекеттик экзамендердин сапатына абдан жакшы көңүл бурулуш керек. **Төртүнчү маселе боюнча чечим:**

1. Бардык факультеттер жана кафедралар боюнча мамлекеттик экзамендердин пландары, программалары жана экзамендик билеттери, адистик боюнча квалификациялык жана дипломдук иштердин тизмеси бекитилсин.
2. Бул чечимдердин аткарылышы окуу иштери боюнча проректордун көзөмөлүндө болсун.

Добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин бешинчи суроосуна өтөлү.

5. **Конкурстук шайлоо.** Бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешине 2 арыз түштү. Биринчиси **«Оркестр дирижерлугу»** кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу **Боромбай Жумалиевич Кулахматовдон** ушул кафедранын доцентинин милдетин аткаруучуга (кайра шайлоо), экинчиси **«Музыкалык-теориялык илимдер»** кафедрасынын улук окутуучусу **Кубаныч Абдрасулович Осмоновдон** ушул кафедранын доцентинин милдетин аткаруучуга.

Талапкерлердин бардык документтери тийиштүү деңгээлде даярдалган, отчеттору, кафедралардын жыйындарынын протоколдорунун көчүрмөлөрү жана арыздары текшерилди жана тиркелди.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, мен сиздерге сунуш катары айтайын дегеним агайлардын отчетторун укпай эле жашыруун добуш берүү тизмесине киргизип койсок кандай болот. Добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын курамын тактап алалы, сунуштар түштү **Акматалиев К.С., Молдобаева А.А., Көчөрбаев С.Б.** Эсептөө комиссиясын бекиткенге добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Сөз эсептөө комиссиясына берилет.

Акматалиев К.С. - 2023-жылдын 27-январындагы №1 протоколу. Эсептөө комиссиясынын курамында 3 киши. Төрагасы **Акматалиев К.С., Молдобаева А.А.** жана **Көчөрбаев С.Б.** эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү, катчы **Молдобаева А.А.**

Колдошов Т.Р. — Эсептөө комиссиясынын жыйынынын мүчөлөрүнүн милдеттерин бөлүштүрүү боюнча 2023-жылдын 27-январындагы №1 протоколун бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Акматалиев К.С. — 2023-жылдын 27-январындагы №2 протоколуна ылайык Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында 23 мүчө катышты. Конкурска катышкан Боромбай Жумалиевич Кулахматовго Окумуштуулар кеңешинин 23 мүчөсү «макул» деп добуш берген, «макул эмес» — жок, жараксыз бюллетень — жок.

Колдошов Т.Р. — 2023-жылдын 27-январындагы №2 протоколун бекиткенге добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Акматалиев К.С. — 2023-жылдын 27-январындагы №3 протоколуна ылайык Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында 23 мүчө катышты. Конкурска катышкан Кубаныч Абдрасулович Осмоновго Окумуштуулар кеңешинин 23 мүчөсү «макул» деп добуш берген, «макул эмес» - жок, жараксыз бюллетень — жок.

Колдошов Т.Р. — 2023-жылдын 27-январындагы №3 протоколун бекиткенге добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Жогоруда көрсөтүлгөн талапкерлер жашыруун добуш берүү жолу менен бир добуштан өтүштү (эсептөө комиссиясынын протоколдору жана бюллетендери тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин алтынчы суроосуна өтөлү.
6. Ар түрдүү маселелер:
1. Университеттин ректору, филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р. Колдошовдун программасынын презентациясы.
2. Университеттин ишмердигине байланыштуу 4 Жобо иштелип чыккан, бул жоболорду толуктоосу менен бекитүү маселеси, аларды сиздерге айтып кетейин:
Биринчиси: *«Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун айрым категориялардагы студенттерине контрактык төлөмдөн жеңилдик берүү боюнча Жобосу».*
Экинчиси: *«Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун күндүзгү бөлүмүнүн факультеттер арасында мыкты окуган студенттерге «Атуулдук» стипендиясын ыйгаруу боюнча Жобосу».*
Үчүнчүсү: *«Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун окутуучулары, кызматкерлери жана студенттери үчүн Этикалык кодекс боюнча Жобосу».*
Төртүнчүсү: «Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун Этика комиссиясы боюнча Жобосу» толуктоосу менен бекитилсин.
Урматтуу кесиптештер ушул Жоболорду толуктоосу менен бекиткенге добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 23.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

3. Жатаканада жаралган көйгөйлүү маселелер тууралуу. Жатаканада өтө көп орчундуу маселелер чыкты, ал иштерди мыйзамдуу түрдө чечкенге аракет кылам жана чечем. Комендант Ж.А. Тиленчиеваны мен ротация кылып башка иш берейин дедим эле, бирок мен ал оюмдан кайттым. Комендант эжебиз жумуштан өз каалоосу менен арызын жазып кетти. Эми төлөмдөр боюнча айта кетейин, жатакананын студенттери 10 айга 7636 сом төлөшөт экен, ал эми биздин окуу жайда иштеген жана

жатаканада жашаган окутуучулардын төлөмдөрүн ректоратта карап 1000 сомго көтөрдүк, ошондо жалпысынан 2 комната жашагандар 5000 сом, бир чоң бөлмөдө жашагандар 3500 сом, ал эми бир кичинекей бөлмөдө жашагандар 3000 сом төлөмөй болушту.

Сырттан келип жашагандардын төлөмдөрүн карап жатабыз. Ошондой эле жатаканада бөлмөлөрдү ээлеп, бирок үйлөрү бар кызматкерлерибиз бар экен, аларды ал жаткан чыгарабыз, сиздерди колдоп берет деп ойлоймун.

4. Эл аралык байланыштар деген бөлүмдү окуу жайыбызда ачышыбыз керек. Ал бөлүм инвестиция менен иш жүргүзүш керек.

5. Айлык маяна боюнча, бизде орто айлык 14000-15000 сомду түзөт экен, бирок бул айлык маянаны көбөйткөнгө аракет кылабыз, спецсчет жана контрактык төлөмдөрдү көтөрүү менен көтөрсөк болот. Күндүзгү бөлүмдө окуган студенттердин контрагын 26 000 сомго, ал эми сырттан окуу бөлүмдөгү чет элдик студенттердин контрагын 40 000 сомго көтөрөбүз.

6. Кадрлар бөлүмүндө эмгек келишимин бардыгыңыздар окуп, кол коюп тапшырыңыздар.

7. Куттуктоолор: Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун «Ардак грамотасы» менен С.А. Джолдошбекова сыйланат. Бишкек шаарынын Мэриясынын «Ардак грамотасы» менен А.А. Турдалиева сыйланат. Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун «Ардак грамотасы» менен Т.Ө. Жумашев сыйланат. ГИТИС-мастер-класс Театралдык фестивалдын Дипломy менен Ж.И. Искендерова сыйланат.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, ушуну менен бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешин жыйынтыктадык, сиздерге ийгилик каалаймын!

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы,
ректор, филология илимдеринин
кандидаты, доцент — Т.Р. Колдошов

Окумуштуулар кеңешинин катчысы — Ч.К. Жумалиева